"БЕКИТИЛДИ"

2021-жылдын «05» мартындагы
№142/1 буйругу менен

# ӨЗҮН - ӨЗҮ БААЛОО БОЮНЧА ОТЧЕТ

"Кут Билим" окуу-тарбия комплекси билим берүү мекемеси

# ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК АККРЕДИТАЦИЯЛОО

## 1. Киришүү

**Окуу жай тууралуу кыскача**: "Кут Билим» окуу-тарбия комплекси 2011-жылы КРнын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан лицензия берилип, ЖИА (жаш ишкерлер ассоциациясы) мүчөлөрүнүн колдоосу менен 2012-жылы ачылып, дүйнөлүк стандартка туура келген таланттуу жаштарды тарбиялоо үчүн шарт түзүү максатында жана чет өлкөлөрдө жогорку окуу жайларында окутуу үчүн ачылган. Мектепте 7- класстан 11- класска чейин кыргыз тилинде окутулуучу эркек балдарды окутууну ишке ашырат. Кабыл алуу 2 турдуу сынактын натыйжасында ишке ашат.

2017 - жылдан бери мектепти 181 окуучу бүтүрдү

Окуу жайдын өзгөчөлүктөрү:

- Англис тилин тереңдетип окутуу;
- Экинчи чет тили – араб тилин окутуу;
- Бардык предметтерди окутууда информациялык коммуникативдик технологияларды пайдалануу;
- 11- класстарга жогорку окуу жайга тапшыруу үчүн кошумча окутууну уюштуруу;
- Ар бир чейректе негизги предметтерди тест түрүндө текшерүү (ЖТС сынактары)
- Кыргызстандагы бардык региондорунун окуучуларын окуу жана жатакана менен камсыз кылуу;

**Мектептин миссиясы**: " Билимдүү, толеранттуу, көп кырдуу маданияттуу, коомдун активдүү мүчөлөрүн даярдап чыгаруу"

**Окуу жайдын жетекчиси** : Балтабаев Кудайназар Абдулахатович- (0505551124, kudainazar.baltabaev@gmail.com)

**Окуу жайдын юридикалык күбөлүгү**:

- **Билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүү үчүн лицензиялар жөнүндө маалымат**

Билим берүү ишмердүүгүн жүргүзүүгө укук берүүчү лицензиясы: 2017-жылы берилген № LB170000062

**- БУнун буга чейинки аккредитациясы жөнүндө маалымат:**
Инстуционалдык алгачкы аккредитациялоо
**- БУнун дареги, телефон номерлери, факсы, e-mail, веб-сайты:**
- дареги: Кыргыз Республикасы, Чүй облусу, Аламүдүн району, Байтик айылы, Эшмамбет уулу Асылбек көчөсү н/ж, 0312 42-17-03 , kutbilim.school@gmail.com, kutbilim-otk.edupage.org

| | Өзүн-өзү баалоо үчүн критерийлер | Өзүн-өзү баалоонун натыйжалары | Далилдөөчү база |
|---|---|---|---|
| **I. БИЛИМ БЕРҮҮ САПАТЫН КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ** | | | |
| 1.1 | Билим берүү уюмунун ишин жөнгө салуучу бекитилген ички актылардын болушу | "Кут билим" окуу-тарбия комплекси ишмердигин төмөндөгү нармативдик-укуктук документтердин негизинде жүргүзөт:<br>- Юридикалык жакты мамлекеттик каттоо күбөлүгү: 18.08.2017-жылы КРнын Юстиция министрлиги тарабынан берилген. ГПЮ № 0027383, каттоо № 118110-3308-М-е, ИУЖК коду №27367007.<br>- "Кут билим" окуу-тарбия комплексинин Уставы<br>- Идентификациялык салык номери: ИНН № 00908201110111<br>- **Билим берүү ишмердүүгүн жүргүзүүгө укук берүүчү лицензиясы:** 2017-жылы берилген № LB170000062. Лицензиянын аяктоо мөөнөтү-мөөнөтсүз<br>Окуу-тарбия комплекси- билим берүүнү өнүктүрүүчү мектеп. Мектеп өзүнүн ишмердүүлүгүн:<br>- КРнын Конституциясына;<br>- КРнын "Билим берүү жөнүндөгү Мыйзамына, 2013-ж. 05.11. №199 ;<br>- Балдардын укугу жөнүндөгү Конвенциясына;<br>- Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө Кодекси. КР Президентинин 10.07.2012.<br>№100 токтомуна;<br>- Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин мектеп-гимназия жөнүндөгү ( №585/1 02.08.2013-ж ) жобосуна;<br>- КРнын 2012-2014-жылдарда мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын<br>өркүндөтүүнүн улуттук программасына;<br>- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №403 Токтому менен 21.07.2014-жылы бекитилген мектептик билим берүүсүнүн Мамлекеттик стандартына | 1. Юридикалык жакты мамлекеттик каттоо күбөлүгүнүн көчүрмөсү;<br>2. Билим берүү ишмердүүгүн жүргүзүүгө укук берүүчү лицензиясынын көчүрмөсү<br>3. Жалпы орто билим берүү уюму катары берилген сертификатынын көчүрмөсү<br>4. Мектептин Уставы<br>5.КРнын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген окуу планынын көчүрмөсү<br>7. Ички жоболор |

- "Мугалимдин статусу" мыйзамына:
- Мектептин Уставына;(тиркелди)
- Мектептин ички локалдык актыларына таянып жүргүзөт (тиркелди)

1. «Мектептин педагогикалык кеңеши жөнүндөгү" Жобо
2. "Мектептин усулдук бирикмеси жөнүндөгү" Жобо
3. "Ички көзөмөлдөө жөнүндөгү" Жобо
4. "Класс жетекчилер жөнүндөгү" Жобо
5. "Мектепке окуучуларды кабыл алуу жөнүндө" Жобо
6. "Окуучунун класстан тышкаркы ишмердүүлүгү жөнүндө" Жобо
7. "Окуучуларга тамак берүүнү уюштуруу жөнүндөгү" Жобо
8. "Педагогдордун кесиптик журум-турумдарынын нормасы жөнүндө" Жобо
9. "Предметтик жумалык жөнүндө" Жобо.
10. "Мектептин ата-энелер комитети жөнүндө" Жобо
11. "Тартип комитети жөнүндөгү" Жобо
12. "Окуучулардын билим берүүдөгү жетишкендиктерин баалоо жөнүндөгү" Жобо
13. "Мектептин китепканасы жөнүндөгү" Жобо
14. "Электрондук журнал жөнүндөгү" Жобо
15. "Апелляциялык комиссия жөнүндөгү" Жобо
16. "Өтмөк тартибин уюштуруу жөнүндөгү" Жобо

Жумушчу топ мектептин ишмердүүлүгүн баалоодо: мектептин ишмердүүлүк жүргүзүүчү локалдык актыларын, билим берүү программаларынын мамлекеттик стандартка дал келишин, билим берүүнүн сапатынын көзөмөлдөнүшүн, окуу-методикалык камсыздоону жана материалдык базаны, окуу-процессинин педкадрлар менен камсыздалышын, структуралык бөлүктордүн ишин, тарбиялык иштердин жүрүшүн, жалпысынан өнүгүү программасынын аткарылышын карап чыкты. Анализ жүргүзүүдө: документтерди текшерүү, окуп үйрөнүү, тесттерди алуу, мугалимдерден, окуучулардан, ата-энелерден анкета алуу, контролдук иштерди өткөрүү жана маалыматтарды салыштыруу иштери аткарылды.

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.2 | Билим берүү уюмунун бекитилген миссиясынын, кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн жана өзүн-өзү баалоонун ар жылдык жыйынтыктарын эске алуу менен иштелип чыккан стратегиялык жана учурдагы пландардын болушу | Окуу тарбия комплекси - жалпы негизги жана жалпы орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу, билим берүүнү өнүктүрүүчү мектеп.<br>Мектептин ишмердүүлүгү жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарга негизденип жүргүзүлөт жана окуучуларда төмөнкү баалуулуктардын калыптандырылышын көздөйт:<br>- Гуманизм, атуулдук жоопкерчиликтүүлүк, бийик маданияттуулук;<br>- Патриоттуулук, адам укугун, диний эркиндикти сыйлоо;<br>- Адеп-ахлактык, экологиялык, руханий;<br>- Билимдүүлүк, жаратмандык, өз баа-баркын билүү;<br>- Көп тилдүүлүккө үйрөтүү аркылуу башка элдин маданияты менен<br>**Мектептин миссиясы: <u>«Билимдүү, толеранттуу, көп кырдуу маданияттуу, коомдун активдүү мүчөлөрүн даярдап чыгаруу»</u>**<br><br>**Мектептин максаты:**<br>Окуучулардын чыгармачылык, таанып – билүүчүлүк жөндөмдүүлүгүн өстүрүү аркылуу инсандык сапаттарга тарбиялоо, негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу жана жалпы билим берүүчү программалардын мамлекеттик стандарттарга ылайык сапаттуу өздөштүрүлүшүн камсыздоо.<br>**Милдеттери:**<br>1. Окуучуларда негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандырууну өнүктүрүүнүн негизинде окуучулардын сүйлөө жана мамиле түзүү маданиятын өркүндөтүү;<br>2. Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын негизинде адеп-ахлактуу жоопкерчиликтүү, демилгелүү жана компетенттүү атуулду тарбиялоо;<br>3. Илимий-методикалык иштерге жаңылык киргизүү, алдыңкы тажрыйбаларды жайылтуу менен бирге мугалимдердин кесиптик чеберчилигин арттыруу;<br>4. Окуучулардын сапаттуу билим алуусу үчүн комфорттук чөйрөнү түзүү; | 1."Өнүгүү программасы жана аны ишке ашыруунун жолдору" ( 2019-2022-жылдар). 2019-2020-окуу жылынын №1 педагогикалык кеңешинде кабыл алынган.<br>2.2020-2021-окуу жылына түзүлгөн жылдык пландар |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Окутуу-тарбиялоо ишмердүүлүгүн максаттуу жүргүзүүдө педагогикалык процесстин бардык субъекттери үчүн төмөнкү баалуулук мамилелер негизги болуп эсептелет:<br>- Бири-бирине терең ишеним жана урматтоо;<br>- Кызматташтык жана колдоо көрсөтүү;<br>- Психологиялык комфорттук шарттарды түзүү;<br>- Түшүнүүчүлүк жана ачык-айкындык.<br><br>2019-жылы мектептин 3 жылдык "Өнүгүү программасы" (2019-2022-жж) иштелип чыгып, жогорудагы коюлган максат жана милдеттерге жетүү планы, этаптары, натыйжалары көрсөтүлгөн. (Тиркелди) | |
| 1.3 | Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашыруу жана жоопту адамдардын/түзүмдөрдүн болушу | Билим берүү саясатында билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн педагогикалык коллективде шыктандыруучу, бирдиктүү, башкаруучу механизмин жетектөөчү, башкаруу структурасы болушу зарыл .<br>Мектепти башкаруу КРнын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамынын жана мектептин Уставынын негизинин ишке ашырылат. Билим берүү системасынын оптимизациясы КРнын мыйзамдарынын негизинде социалдык-экономикалык, материалдык-техникалык жана тышкы шарттарды эске алуу менен ишке ашырылат.<br>Мектепти башкаруу структары төмөндөгүдөй тартипте жүргүзүлөт: Уюштуруучу→Директор→Педагогикалык кенеш →Директордун орун басарлары → Методикалык бирикме → Мугалимдер →Окуучу жана ата-энелер<br>Мектеп директорунун функциясынын негизин педагогикалык кеңеш, методикалык кеңеш аркылуу окутуу-тарбиялоо процессине катышуучулардын күч-аракетин координациялоо жана окуу процессин камсыздоо, жетектөө жатат.<br><br>Мектепте сапаттуу билим берүүнү камсыз кылууну ишке ашырууга жоопту́улар:<br>1. Мектептин администрациясы окуу-тарбия иштерин жүргүзүүгө, окуу программасынын аткарылышына, сабактардын сапаттуу өтүлүшүнө, | 1.Мектептин Уставы<br>2."Педагогикалык кенеш жөнүндөгү" Жобо<br>3."Методикалык бирикме жөнүндөгү"Жобо<br>4.Функционалдык милдеттер |

педкадрлар менен камсыз кылууга, материалдык-техникалык базаны чыңдоого, ар бир предметтик мугалимге иштөөгө шарт түзүүгө, мектептин ички көзөмөлүн жүргүзүүгө, окуучулардын мыкты билим алуусуна, жетишкендиктерине жоопту жана көзөмөлдөшөт.

2. Бирикме жетекчилери предметтердин мамлекеттик билим берүү стандарттын туура, так аткарылышына, окуу программалар менен календардык-тематикалык пландын негизинде сабактардын өтүлүшүнө, нормативдердин (жазуу, лабораториялык, практикалык иштердин тест ж.б.) аткарылышын көзөмөлдөйт.
3. Предметтик мугалимдер окуу программасын аткарылышын, ар бир окуучунун өздөштүрүүсүнө мониторинг жүргүзөт, шыктуу балдар менен жана начар өздөштүргөн окуучулар менен иш алып барышат.
4. Класс жетекчилер класстын сабакка болгон мамилесин, жүрүм-турумун, сабакка катышуусун жана ата-энелер менен иш жүргүзөт. Окуучуларды сабакка болгон

шыктандыруусун арттырат, жүрүм-туруму боюнча кеңештерди беришет. Ата-энелер менен бирге иш алып барышат.

Усулдук бирикме структурасынын педагогдору төмөнкү иштер боюнча бириктирүүгө негизделген: өзүлөрүнүн усулдук, кесиптик чеберчиликтерин өркүндөтүү, жаштарды окутууда заманбап үлгүдө окутуу талантарын камсыз кылууга , чыгармачыл табылгаларды бириктирүү ишин алып барат.

Мектепте окуучулардын өзүн- өзү башкаруу уюму уюштурулган, структурасы мамлекеттик башкаруу структуралардын түзүмүн кайталайт жана курамына 9-10-11-класстардын окуучулары кирет. Окуучулардын Парламенти мектеп жашоосунда активдүү катышат.

Ар бир чейректе өткөрүлүүчү бирдиктүү тестирлөөнүн жыйынтыгы директор алдындагы кеңешмеде, усулдук кеңештин отурумдарында каралат. Чечимдин негизинде жогорку көрсөткүчтөргө жеткен мугалимдерге моралдык жана материалдык сыйлыктар ыйгарылат. Төмөн жыйынтык болгон предметтер боюнча усулдук бирикмеге тапшырма берилет, мугалимдерге усулдук жардам көрсөтүлөт.

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.4 | Персоналдын жана окуучулардын жүрүм-турумунун бекитилген этикалык ченемдеринин болушу, аларды сактоо (билим берүүнүн жана инсандын, маданий көп түрдүүлүктүн баалуулуктарын колдоочу уюштуруучулук маданияттын калыптангандыгы) | Педагогдордун, окуучулардын жана ата-энелердин укугу, милдеттери, этикалык нормалары мектеп Уставында жана келишимде жазылган.<br>Мектеп тарабынан баардык окуу процессинин катышуучуларынын (мугалим, окуучу жана алардын ата-энесинин) жүрүм-турум эрежелери иштелип чыккан. Алар:"Педагогдордун кесиптик жүрүм-турумдарынын нормасы жөнүндө Жобо".<br>-Мугалимдин кол китеби<br>-Ички эмгек режими<br>-Окуучунун кодекси<br>Бул эрежелер педкеңеште, мүдүр алдындагы кеңешмеде, ата-энелер жыйналышында жана класстык жыйналыштарда талкууланып, бекитилген. Этикалык эрежелерди сактоону камсыз кылуу максатында мугалимдерге этика эрежелери, "мугалимдик" темаларында талкуулар, семинарлар өткөрүлүп турат. Ал эми окуучуларга класстык сааттарда, класс жетекчи менен жеке көрүшүү мезгилинде этикалык эрежелер, коомдук жайларда өзүн алып жүрүү темалары жылдык тарбиялык пландын негизинде өтүлүп, талкуулар болот.<br>Жумушка кабыл алууда ар бир кызматкер менен эмгек келишими түзүлөт. Келишимде укуктары, милдеттери жана этикалык нормаларды сактоосу о.э. кошумча инструкциялар боюнча тааныштырылат. | 1.Педагогдордун кесиптик жүрүм-турумдарынын нормасы жөнүндө Жобо<br>2."Мугалимдин кол китеби"<br>3."Кут билим" ОТКсынын окуучусунун кодекси<br>4. Ички эмгек режими |
| 1.5 | Ишти баалоо, пландоо, уюштуруу ошондой эле билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун абалына мониторинг жүргүзүү механизмдеринин жана жол жоболорунун болушу | Мектеп жетекчилиги тарабынан жыл сайын окуучулардын билим сапатын анализдөө боюнча пландар иштелип чыккан. Пландоо, уюштуруу жана баалоо механизмдери окуу жылынын башындагы педкеңеште, директор алдындагы кеңешмеде, методикалык бирикмелердин кеңешмесинде талкууланып бекитилет жана функционалдык милдеттер бөлүштүрүлөт. Билим сапатын анализдөө багытында "Кут билим" окуу-тарбия комплекси "Ички көзөмөлдөө жөнүндө" Жобосунун негизинде иш алып барат. Жободо ички көзөмөлдөөнүн максаттары, принциптери, милдеттери, методдору, формалары жана эрежелери көрсөтүлгөн. Ага ылайык:<br>1.Ар жылы стратегиялык пландарды ишке ашыруунун мониторинги, жыйынтыгы мектеп ишинин анализинде көрсөтүлөт. | 1."Ички көзөмөлдөө жөнүндө" жобо<br>2.Педагогикалык кеңештин токтомдору<br>3.Методикалык кеңештин токтомдору<br>4. Коопсуздук кызматы менен келишим<br>5.Медайымдын инструкциясы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 2.Ар бир чейректе пландардын аткарылышы боюнча, чейректик, жарым жылдык жыйынтыктар боюнча анализ жүргүзүлүп турат.<br>3.Обьективдүү чечим структуралардын функционалдык милдеттеринин бекитилген аткаруу ченемдеринин негизинде кабыл алынат:<br>- Билим сапатын баалоо системасын камтыган билим берүү программасын ишке ашыруу.<br>- Мектептин абалын жана өнүгүү динамикасын мүнөздөгөн көрсоткүчтөр системасы иштелип чыгат жана ишке ашырылат.<br>- Окуу программасынын негизинде мектепте билим берүү сапаты боюнча текшерүү процедуралары, мониторинг, сурамжылоо жана башка изилдөөчүлүк иш чаралар аркылуу жүргүзүлөт.<br>Окуучулардын билим берүү программасы боюнча окутуудан күтүлүүчү натыйжалары "Кут билим" окуу-тарбия комплекстери (Чүй жана Ысык-Көл) тарабынан бир жылда төрт жолу бирдиктүү чейректик тест (ЖТС) менен да белгиленет. Мезгили менен алынган чейректик баалоонун натыйжалары маалыматтык-компьютердик байланыш аркылуу бардык кызыкдар тараптарга, ата-энелерге, мугалимдерге, класс жетекчилерге жеткирилет. Мониторингдин жыйынтыгы башкаруу системасынын (педагогикалык кеңешменин, директор алдындагы кеңешменин, методкеңештин, усулдук бирикмелердин) отурумдарында анализденет, салыштырылат жана тиешелүү чечимдер чыгарылат.<br>Окуу программасынын ишке ашырылышын баалоо, мониторинг жүргүзүү, мектептин жооптуу структуралары (окуу-тарбия иштери боюнча орун басарлары, метод бирикмелер) тарабынан жүргүзүлөт. Анализдердин, мониторингдердин материалдары билим берүү процессин жакшыртууну уюштурууда колдонулат.<br>Окуучулардын билим сапатын, жетишүүсүн жана предметтик компетенттүүлүктөрүн баалоодо обьективдүүлүктүн сакталышы үчүн баалоонун критерийлери, текшерүүнүн түрлөрү (экзамен, эссе, тест, ж.б.) негизги талаптар жөнүндө окуучуларга алдын ала маалымат берилип, анын мамлекеттик стандартка дал келиши эске алынат.<br>Коопсуздукту сактоо максатында мугалимдер жана персоналдар окуу жылынын башында толук медициналык кароодон өтүшөт жана кароонун | 6. "Окуучулардын билим берүүдөгү жетишкендиктерин баалоо жөнүндөгү" Жобо |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | талабына жооп берген кызматкерлер менен гана келишим түзүлөт. Окуу жылынын биринчи айында жалпы окуучулар медициналык кароодон өткөрүлүп, тиешелүү документтер толтурулат.<br>Ал эми өткөрүү коопсуздугун сактоодо мектеп "Аманат Секьюрити" коргоо кызматы менен иш алып барат. Мындан сырткары, мектеп территориясы толук видео-көзөмөлгө алынган. | |
| 1.6 | Кызыкдар тараптарды(ата-энелер комитети) тартуу менен чечимдерди кабыл алуунун жана тиешелүү оңдоолорду киргизүүнүн колдонуудагы механизмдеринин болушу. | Мектеп кабыл алган стратегиялык пландын аткарылуусун көзөмөлдөө жана анализ жүргүзүү максатында кызыктар тараптардан (ата-энелер комитети, мугалим жана окуучулар) сурамжылоолор белгиленген мөөнөттөрдө жүргүзүлүп турат. Сурамжылоолор: анкета алуу, тегерек стол, чогулуш, аңгемелешүү формасында өткөрүлөт. Негизинен суроолор жана пикир алышуулар төмөндөгү багыттарга көзөмөл кылууга багытталган:<br>- Окуу программасы жана окуу планынын аткарылышы;<br>- Билим берүү багытындагы мыйзамдардын аткарылышы;<br>- Окуучулардын билим алуу укуктарынын сакталышы;<br>- Окуучулардын билим сапатынын абалы;<br>- Тарбиялык иштердин аткарылышы;<br>- Предметтердин берилиши;<br>- Класстан тышкаркы иштердин абалы;<br>- Методикалык бирикмелердин пландарынын аткарылышы;<br>- Ашкана жана тамактардын абалы;<br>- Окуучулардын ден-соолугунун сакталышы<br><br>Сурамжылоолордун анализи, жыйынтыгы педкеңеште, мүдүр алдындагы жана метод бирикменин жыйындарында жана ата-энелердин жыйналышында талкууланып, тиешелүү чечимдер кабыл алынат. Жогорудагы механизмдер ички көзөмөлдөөнүн ырааттуу жүрүшүнө, айрым кемчиликтерди өз убагында оңдоого жана кызыктар тараптар менен мектептин тыгыз иштешүүсүнө жардам берет. | 1.Анкеталар<br>2.Ата-энелер жыйналышынын структурасы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.7 | Билим берүүнү башкаруунун колдонуудагы маалыматтык системасынын,веб-сайттын,электрондук почтанын болушу | kutbilim-otk.edupage.org- мектептин сайты жана электрондук журналы. Электрондук журналды пайдалануу менен ата-энелер окуучулардын жетишкендигине, сабакка катышуусуна, тартибине көзөмөл жүргүзүүгө толук мүмкүнчүлүгү бар.<br><br>kutbilim.school@gmail.com- мектептин электрондук почтасы. Электрондук почта аркылуу жогорудагы билим берүү мекемелери (РайОНО, ОблОНО, министрлик) менен керектүү маалыматтарды жиберүүгө жана кабыл алууга шарт түзүлгөн. Почта тиешелүү адамдар тарабынан көзөмөлдөнүп турат.<br><br>kutbilim.bishkek (фейсбук). "Kut_Bilim" Bishkek (инстаграмм)-социалдык баракчаларынан мектеп жашоосу, жумалык иш-чаралардын жүрүшү, кулактандыруулар тууралуу маалымат алууга жана суроолорго жооп алуу мүмкүнчүлүгү түзүлгөн. | 1.kutbilim-otk.edupage.org-<br>2.kutbilim.bishkek (фейсбук баракчасы)<br>3. "Kut_Bilim" Bishkek (инстаграмм<br>4. kutbilim.school@gmail.com (электрондук почта) |
| Күчтүү жактар: 1.Окуу жай ченемдик документтер менен иш алып барат. Мектеп локалдык актылардын негизинде иштейт.<br>2. Билим берүү процессинде коопсуз чөйрө түзүлгөн<br>3. Билим берүү сапатын камсыздоо саясатын ишке ашыруучу түзүмдөр бар<br>4. Кызыктар тараптарды тартуу менен тиешелүү оңдоолор киргизилип турат | | | |
| Алсыз жактар: Мугалимдердин ишмердүүлүгүн стимулдаштыруу максатында, мектептин ички көзөмөл системасында өзүн-өзү анализдөө жана | | | |
| **2. КАДРДЫК САЯСАТТЫН ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮ** | | | |
| 2.1 | Педагогикалык, административдик, окутуучу-көмөкчү жана кенже тейлөөчү персоналды жумушка алуунун (жумуштан бошотуунун) объективдүү критерийлерин жана шарттарын камсыздоочу механизмдин жана | Кадрларды жумушка алуу КРнын Эмгек кодексинин 144-статьясынын негизинде жана "Кут билим" ОТКсы менен түзүлгөн келишимдин негизинде жүргүзүлөт.<br>**Мектепке мугалимдерди тандоо төмөндөгү критерийлерге таянат:**<br>- өз предмети боюнча жогорку деңгээлдеги теориялык билимге ээ;<br>- педагогикалык тажрыйбасы бар;<br>- өзүн-өзү өнүктүрүүгө талапкер;<br>- креативдүү, изденгич, жоопкерчиликтүү; | 1.Келишимдин көчүрмөсү<br>2. Мектептин ички эмгек режими |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | жол-жоболордун болушу | компьютердик- технологияны колдонуу компетенциясына ээ.<br><br>Кабыл алынган кызматкерден төмөнкү документтер талап кылынат:<br>1. Автобиографиясы<br>2.Билими жөнүндө диплому<br>2.Паспорт<br>3.Эмгек китепчеси<br>4.Медициналык кароодон өткөндүгү тууралуу китепче<br>5.Соттолбогон, наркологиялык жана псих.диспансерде дарылануудан өтпөгөн болууга тийиш.<br>6.Өздүк баракча.сүрөтү менен тиешелүү графалары толтурулган.<br>7.Резюме<br>9.Сертификаттар.сыйлык баракчалар<br>10. Жеке карточка<br>11. Арызы<br>Жумушка кабыл алынган педагог же жумушчу негизги ишмердүүлүк боюнча буйрукка киргизилет жана кабыл алынгандыгы тууралуу буйрук мугалимдин жеке файлына тиркелет.<br>Кабыл алынган кызматкерлер менен техникалык коопсуздук эрежелери тууралуу инструктаж берилип,тааныштырылгандыгы жөнүндө атайын китепчеге колдору коюлат.<br>О.э. мектептин ички тартип эрежелери, функционалдык милдеттери менен тааныштырылат.<br>Окуу жайынын өзгөчөлүгү: окутуу жатак мектеп болгондуктан, жатакана тарбиячыларды талап кылат. Тарбиячы болуп мугалимдер жана педагогикалык жогорку окуу жайларынын жогорку курстарынын студенттери эмгектене алышат. Тарбиячыларды жумушка кабыл алууда мектеп директору жана тарбия иштери боюнча директордун орун басарынын жеке көрүшүүлөрү, аңгемелешүү аркылуу алынат. Тарбиячылар окуучулардын кечки сабакка даярданууларына көзөмөл кылышат жана жатаканада жашоо эрежелерин окуучуларга үйрөтүү менен, дени сак жашоо образынын негиздерине таянып, тарбиялык сааттарды өтүшөт. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Класс жетекчилер менен бирдикте ата-энелер менен байланышып, окуучулардын жатып билим алышындагы камкордуктардын сакталышына көзөмөл кылышат | |
| 2.2 | Штаттардын комплектилениши,педагогикалык персоналдын квалификациясынын жана билиминин билим берүү программасына шайкеш келүүсү | 2020-2021-окуу жылына карата 10 класс, 29 мугалим комплектованиеге киргизилди.<br>Жогорку билимдүүсү-26<br>Атайын орто,бүтпөгөн-3<br>Жаш мугалимдер-10<br>Баардык мугалимдер билими боюнча сабак берип жаткан предметтерине туура келет. | 1.Штаттык расписание<br><br>2.Тарификация<br><br>3.Сапаттык курам |
| 2.3 | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | Мектептеги коопсуздукту көзөмөлдөө максатында жалпы территорияга видео-көзөмөл камералары коюлган. Окуу жылынын биринчи жумасында техникалык-коопсуздук, санитардык-гигиеналык эрежелери боюнча инструктаждар өтүлөт.<br>Коноктордун чыгып кирүүсү боюнча көзөмөл кызматы иш алып барат. Конокторду мектеп имаратына киргизүү тиешелүү жетекчилердин макулдугу менен ишке ашырылат. Окуучулардын мектепке кирүү, чыгуусун көзөмөлдөө "Отмөк тартибин уюштуруу" Жобосу боюнча ишке ашырылат жана үйүнө барып келүү маселесинде ата-энелерге толук жоопкерчилик жүктөлгөн.<br>Окуучулардын өз ара мамилелерин кароодо тарбия завучу, класс жетекчилер жана тарбиячылар тыгыз байланышта иштешет. Ар түрдүү маселелер боюнча педагогикалык кеңеш, мүдүр алдындагы кеңеш, тартип комиссиясы, апелляция комиссиясы иш алып барат жана өз чечимдерин чыгарат.<br>Окуучулардын социалдык, үй-бүлөөлүк абалы боюнча окуу жылынын башында класс жетекчиси тарабынан сабак берген мугалимдерге педконсилиум өткөрүлөт. Педконсилиум окуучу менен мугалимдин иш алып баруусун жеңилдетет.<br>Жумасына 2 жолу класс жетекчи жана тарбиячы тарабынан окуучулар менен топтук жана жеке көрүшүү иштери жүргүзүлүп, маселелер боюнча тарбия завучуна кабар берилет. Окуучулардын өзүн алып жүрүүсү, | 1."Отмөк тартибин уюштуруу" Жобосу<br>2.Окуу бөлүм башчысынын жылдык ички көзөмөлү<br>3. МБнин жылдык планы<br>4.Педконсилиум талаптары<br>5. Ата-эне, мугалим, окуучулардын анкетасы<br>6."Тартип комиссиясы жөнүндөгү" Жобо<br>7."Апелляция комиссиясы жөнүндөгү" Жобо |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | сабактардагы жетишкендиктери тууралуу ата-энелерине кабар берилип турат.<br>Мугалим жана окуучулардын өз ара мамилелерин баалоо боюнча чейрек сайын окуучулардан анкета алынып турат. Анкетанын жыйынтыгы анализденип, тиешелүү иштер (аңгемелешүү, мугалим-окуучу-ата-эне баарлашуусу, метод башчылары, окуу бөлүм башчысы тарабынан сабактарга катышуу) жүргүзүлөт. Тарбия жаатында маселе болгон окуучулардын ата-энелери мектепке чакырылып, айрым учурларда ата-эненин үйүнө зыяратка баруу менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт.<br>Жалпы окуу процессинин катышуучуларынын мамилелерин баалоо 3 тараптык (мугалим, ата-эне, окуучу) анкета алуу, аңгемелешүү, чогулуштагы сунуштардын жардамы менен ишке ашырылып, педагогикалык кеңеште, мүдүр алдындагы кеңешмеде, метод бирикменин кеңешинде талкууланып, чечимдер кабыл алынат. | |
| 2.4 | Педагогикалык, административдик, кенже тейлөөчү жана окутуучу көмөкчү персоналдын ишин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | Мугалимдерди, персоналдарды жумушка кабыл алууда келишим түзүлөт жана ишин баалоо, жыйынтыгы, чечимдер тууралуу эскертилет. Негизги ички эрежелер 2 тараптуу келишимде, тиешелүү Жоболордо көрсөтүлгөн. Мугалимдердин ишмердүүлүгүнө баа берүү окуу бөлүм башчысы, метод бирикмелердин жетекчилери, тарбия завучунун жылдык планынын негизинде жүргүзүлөт. Ички көзөмөл жүргүзүүдө, өз ара сабактарга катышууда мугалимдин педагогикалык билимине, окутуу методикасына баа берилет. Жаралган маселе боюнча аңгемелешүүлөр өткөрүлүп, каталарды жоюу максатында окуу бөлүм башчысы, метод бирикменин жетекчилери тарабынан методикалык, педагогикалык жардамдар көрсөтүлөт.<br>Педагогикалык персоналдардын ишин баалоо ички көзөмөлдүн негизинде жүргүзүлөт.<br>Мектептин башкаруу структураларынын кеңешмелеринен соң келишим узартылат же токтотулат. Келишимде көрсөтүлгөн милдеттерди бузган учурда аңгемелешүү, эскертүү берилип, тиешелүү чаралар көрүлөт же келишим өз күчүн жоготот. | 1."Ички көзөмөлдөө жөнүндөгү" Жобо<br>2.Ички көзөмөл<br>3. Келишим<br>4. Сабак талдоо<br>5. "Мыкты мугалим" сынагынын жобосу |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Мектептин администрациясынын (директордун орун басарлары, жатакана директору) жылдык ишине баа берүүдө ата-энелердин, мугалимдер жамаатынын пикири эске алынат жана жылдык пландын ишке ашырылуусу директор тарабынан баа берилип, тиешелүү чаралар көрүлөт.Ал эми мектеп директорунун ишине уюштуруучу тарабынан баа берилет.<br>Мугалимдерге жыл ичиндеги конкурстар, жарыштар (олимпиада, жумалыктар) жана алардын сыйлыктары боюнча окуу жылынын башында эскертилип, ийгилик жараткан мугалимдерге акчалай, баалуу белектер, мактоо, ыраазычылык баракчалары берилет.<br>Көмөкчү персоналдар менен иштөө, алардын ишмердүүлүгүнө баа берүү толук бойдон чарба иштери боюнча директордун орун басары жана мектеп директорунун жоопкерчилигинде. Жумушчуларды кабыл алууда да 2 тараптуу келишим түзүлөт жана келишимдин пункттарына, милдеттердин аткарылышына ылайык баа берилет. | |

Күчтүү жактар:

1. Окутуучуларды инновациялык билим берүү усулдарына жана технологияларына мезгилдүү окутууга шарт түзүлгөн.
2. Педагогдорду жана персоналдарды жумушка алуунун жана бошотуунун объективдүү критерийлери жана механизмдери бар
3. Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөсү түзүлгөн

Алсыз жактар:

1.Жаш кадрлардын туруксуздугу

**3.МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3.1 | Билим берүү процессинин катышуучуларына,анын ичинде ден соолугу мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жеткиликтүү болгон окуу имараттарынын,жайлардын | Окуу тарбия- иштерин жеткиликтүү ишке ашыруу максатында мектептин материалдык-техникалык базасы талапка ылайыктуу шарттары менен жабдылган.<br>Окуу корпусунда 10 окуу классы бар.<br>Кабинеттер жарык менен камсыздалган,керектүү приборлор,реактивдер ж.б жабдуулар менен бирге 2 окуу лабораториясы бар. Ар кандай реактивдер менен иштөөдө алдын-ала эскертилүүчү техникалык - коопсуздук эрежелери | 1.Техникалык паспорт<br>2. Фото отчеттор |

<table>
<tr>
<td></td>
<td>жана материалдык ресурстардын( лабораториялар,компьютердик класс,спорт зал, медициналык пункт,ашкана,китепкана) ошондой эле жашоо үчүн тиешелүү шарттары бар жатаканалардын болушу</td>
<td>жөнүндө эскертмелер кабинеттин көрүнүктүү жерине илинген ,окуучуларга тааныштырылган.<br>- Химия<br>- Информатика<br>Ар бир класстык бөлмөлөрдө инвентарлар (парта,стол,доска,шкаф) коюлган. Булардын бардыгы Кыргыз Республикасынын ББ жана илим министрлиги тарабынан бекитилген окуу планындагы лабораториялык,практикалык сабактардын окутулушуна толук мүмкүнчүлүк түзөт.<br>Кабинеттерде окутууга керектелүүчү маалыматтык- техникалык каражаттар:<br>• Телевизор - 1<br>• Проектор – 7<br>• интерактивдүү такта -2<br>• компьютер - 19<br>• интернет-3<br>• факс аппараты – 1<br>• түстүү сүрөт аппараты -1<br>• видеокамера-1<br>Мектептин окуу корпусун ,жатаkананы,ашкананы мектепке тиешелүү территорияга көзөмөл жүргүзүп туруу максатында 36 видео байкоочу камералар орнотулган. Бүгүнкү күндүн талабына ылайыктуу сапаттуу сабактарды өтүү үчүн толук шарттуу мугалимдер бөлмөсү, интернетке туташтырылган.<br>Жатакана<br>Окуучулар 2 кабаттуу бардык шарттары бар ылайыкташтырылган жатаканада жашашат. Ар бир бөлмөдө 6-12 ге чейинки балдар жайгаштырылган. Бүгүнкү күндө 212 окуучу жатаканада жашап билим алышууда. Стандарттуу эки кабаттуу кровать, матрацтар окуучулардын санына жетиштүү. Ар бир окуучуга кийим, буюм салынуучу шкафтар, бут кийим коюуучу текчелер бекитилип берилген. Ар бир кабатта ажаткана, душ кабинасы, жуунуучу крандар ысык, муздак суу менен камсыздалган. Санитардык-гигиеналык талаптар нормага ылайыктуу жүргүзүлүүсү талап кылынат, тазаланат.Жылуулук автономдуу меш (көмүр менен) берилет.</td>
<td></td>
</tr>
</table>

Жатаканнын полу ковралин менен тошолгон. Жалпы жатаканадагы тазалыкка медициналык кызматкерлер,тарбия завучу менен бирдикте тыкыр көзөмөл жүргүзүп турушат. Бош убактыларында балдар жатаканадагы эс алуу бөлмөсүнөн телевизор көрүшүп,ар кандай адабий китептерди окуу менен алектенишет.

Ашкана

Мектептин 350 орунга ылайыкташтырылган ашканасы бар.

- Электр мештери
- Тамак таратуучу столдор
- Муздаткыч
- Духовкалар
- Тоңдуруучу камера
- Нан сактоочу шкаф
- Электр чайнектер
- Идиш жууганга ванна -2 даана

Мектепте окуучуларды тамактандыруу 3 маал жүргүзүлөт.Тамактын калориялуулугу текшерүүгө алынып,санитардык абалы көзөмөлдөнөт.Сертификаты бар продуктулар сатылып алынат. Аламүдүн райондук санэпидемстанциясы тарабынан анализге алынып,жыйынтыгы чыгарылат. Ашкананын тазалыгына жана тамактын жасалышына медициналык кызматкерлер тарабынан күнүгө көзөмөл жүргүзүлөт. Медициналык пунк эки бөлмөдөн туруп керектүү эмеректердин бардыгы менен жабдылган. Дарылар үчүн текчелерде биринчи жардам үчүн дары-дармектер сакталат. Медициналык пункт эки бөлмөдөн туруп керектүү эмеректердин бардыгы менен жабдылган. Алгачкы медициналык жардам көрсөтүү үчүн керектелүүчү бардык медикаменттер убактысы менен алынып, өз убагында текшерилип турат. Мектеп жатак окуу-комплекси болгондугуна байланыштуу ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар окушпайт. Окуучуларды кабыл алууда дени сактыгы тууралуу медициналык көрсөтмө (№086) талап кылынат.

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Мектептин китепканасы окуу корпусунда жайгашкан.<br><br>30 орундуу окуу залы,китептерди сактоого ыңгайлуу бөлмөсү бар.<br>Китепканадагы китептердин жалпы саны – даана<br>Окуучулардын окуу китептери менен камсыз болуусу 100 %<br>Англис тилинде окутулуучу китептер менен камсыз болуу – 100 %<br>Араб тилинде окутулуучу окутулуучу окуу китептери менен камсыз болуу 100%. | |
| 3.2. | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык, санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрткө каршы коопсуздук, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери) | Мектепте билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптары сакталган жана тиешелүү органдар менен тыгыз байланыш түзүлгөн. Алсак, окуу жылынын 1-чейрегинде мектеп, жатакана, ашкана имараттары Аламүдүн райондук санитардык-эпидемиологиялык борбору тарабынан санитардык кароодон өтөт. Гигиеналык эрежелерди сактоо боюнча: окуу жылынын башында мугалимдер, техперсоналдар, ашкана кызматкерлери медициналык кароодон өтүп, медициналык китепчеси талапка ылайык толтурулгандан соң гана кызматка кирише алышат. Мекеменин медициналык кызматкери күнүмдүк гигиеналык эрежелердин сакталышын белгиленген иш тартиби боюнча ар дайым көзөмөлгө алып турат.<br>Лаборатория кабинеттеринде өрт коопсуздугу боюнча эвакуациялык пландары, коопсуздук бурчтары уюштурулган. Санитардык нормага ылайык желдеткичтер менен жабдылган. Окуу корпустарынын абалы жакшы, күнүнө эки жолу техничкалар тарабынан нымдуу тазалоо иштери жүргүзүлүп турат. Жылына бир жолу ремонттолуп, сырдалат.<br>Окуу жайдын корпустары өрткө каршы керектүү жабдуулар менен жабдылган жана өрт чыгып кетүү коркунучунда кошумча чыгуу эшиктер менен жабдылган. Эпидемиологиялык эрежелерди аткаруу боюнча ар бир окуу классында антисептиктер ракавиналар жана бут сүртүүчү антибактериалдык килемчелер орнотулган.<br>Ар бир өндүрүштүк окутуунун алдында бардык билим берүү процессинин катышуучуларына (мугалим, окуучу, техкызматкерлерге) техникалык коопсуздук боюнча инструктаж өткөрүлүп турат. Эмгекти коргоо багытында ар бир кызматкер менен келишим түзүлүп укук, милдеттери көрсөтүлөт. | 1.Санэпидемологиялык борбордун чечимдери<br>2. Коопсуздук эрежелери<br>3. Коопсуздук журналы<br>4. Эмгек келишими |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |
| 3.3. | Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу | Кут билим ОТК.3-жылдык материалдык-техникалык базаны чыңдоо максатында төмөнкү иштер каралган.<br>Окуу имараты боюнча<br>-Мектепти жыл сайын жай айларында косметикалык ремонттон өткөрүү;<br>-106 мультимедия классын заманбап техникалык жабдыктар (акылдуу доска, үн системасы,проектор) менен камсыз кылуу;<br>-Окуу кабинеттерин толук проекторлор менен толуктоо;<br>-Информатика кабинетиндеги компьютерлерди ремонттон өткөрүү жана толуктоо;<br>Ашкана:<br>-Окуучулардын санынын көбөйгөндүгүнө байланыштуу жана санитардык,гигеналык шартты жакшыртуу максатында идиш аяк жуучу машинасын алуу;<br>-Жыл сайын ашкананын техникалык абалын көзөмөлдөн өткөрүп туруу жана зарылчылыка жараша ремонттоо;<br>-Мектеп тероториясына окуучулардын ден-соолугун чыңдоо максатында Workout (брус,турник,змейка,отургуч ж.б. алуу каражаттарын )орнотуу;<br>Аталган иштерди каржылоо,мектептин бюджетин жана демөөчүлөр тарабынан ишке ашырылуусу күтүлүүдө | |

Күчтүү жактар:

1. Мектеп жана жатакана имаратында орундардын жетиштиги жана шарттардын болушу
2. Окуу жайда санитардык жана гигиеналык нормалар сакталып жана көзөмөлдөнүп турат.
3. Интернет байланышынын туруктуулугу жана кеңири колдонулушу.

Алсыз жактар:

1. Айрым кабинеттерди проекторлор менен жабдуу
2. Айрым предметтерден лабороториянын жоктугу

| | | | |
|---|---|---|---|
| **4.ФИНАНСЫЛЫК РЕСУРСТАРДЫ БАШКАРУУ** | | | |
| 4.1 | Финансылык пландоо системасынын болушу | «Кут билим» окуу тарбия комплекси контрактык негиздеги окуу жай болгондуктан, негизги кирешe булагы болуп окуучулардын төлөм акысы эсептелет. Мектептин бюджети жыл сайын окуу жылынын башында август айында түзүлүп, бекитилет. 1 жылдык финансылык ресурстарды пландоо жана башкаруу көрсөткүчторүнүн динамикасында байкалат. Акыркы жылдарда өлкөдө тынымсыз инфляция жүрүп, каржылык туруктуулука жетишүү кыйынчылыктарды жаратууда. Бирок бул кыйынчылыктарды чечүүгө ар дайым жигердүү аракеттер көрүлүп, мониторинг жүргүзүлүп туура чечимдерди кабыл алууга жетишип келет. Жалпылап алганда мектептин сапатын камсыздоо жана жетишилген деңгээлди кармап туруу үчүн, кошумча финансылык демөөрчүлор бар. Демөөрчүлүк каражаттар "ЖИА" (жаш ишкерлер ассоциациясы) нын мүчөлөрү тарабынан алынып турат. Акыркы 1 жыл аралыгындагы финансылык кирешелердин пайыздык көрсөткүчү (Тиркеме) | 1.Бюджет |
| 4.2 | Кошумча финансы ресурстарын тартуу, бөлүштүрүү жана отчеттуулук боюнча ачык-айкын механизмдердин болушу | Мугалимдер жана тарбиячыларга каржылык жардам көрсөтүлүп турат. Мектептин финансылык натыйжалары жөнүндө отчеттор бардык кызматкерлердин назарына толук жана өз убагында жеткирилет жана педагогикалык чогулуштарда маалыматтык отчет берилет. Мугалимдерге жана тарбиячы- кызматкерлерге каржылык жардам көрсөтүү тутуму бар. Кандайдыр бир белгилөөгө карата (мисалы: юбилейлик белгилөө) бир жолку сый акы төлөп берүү (5000 сом өлчөмүндө), бир жолку материалдык жардам көрсөтүү айлык акысы 7000 сомдон төмөн болгондорго ай сайын субсидия (200 сом). финансылык колдоолор мугалим жана тарбиячы-көмөкчү курам менен мектептин ортосундагы өз ара мамилесин жөнгө салуучу финансылык процесстердин алкагында ишке ашырылат. Мектептин бюджетин бөлүштүрүү мектептин муктаждыктарына таянып, колдоодо болгон материалдык ресурстарды баалоонун жана | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | анализдөөнүн негизинде жүргүзүлөт. Натыйжалуу пландаштырууга жана каржылык башкарууга көңүлдүк берген жаңы технологиялар киргизилген жана колдонулууда. Финансылык пландаштыруу куралы бюджеттөө, б.а. бюджетти түзүү жана аткаруу процесси, ошондой эле пландаштыруу, көзөмөлдөө жана талдоо процедуралары аркылуу стратегиялык максаттарды ишке ашыруу үчүн колдонулган башкаруу технологиясы. Бюджеттөөдөгү негизги технология катары Excel программасы менен иш жүргүзүү.<br>Ар бир календардык жылдын финансылык пландоосун бекиткенде каражат керектөлүүчү тараптардын бардыгы кылдаттык менен эсептелип чыгып смета түзүлөт. Сметага эмгек акы, тамак-аш, коммуналдык төлөмдөр, налог /соц фонд, мектеп эмеректери, мектеп техникалары, жатакана эмеректери, товар алуу жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөр. Конц товарлар, капиталдык оңдоп түзөө, хоз товарлар, жана майда чарба материалдары, инвертар алуу ж/б. киргизилет. Мектепте финансылык кызматкерлердин квалификациялык штаты бар, аларга башкы бухгалтер, жана кассир кирет. Бардык кызматкерлердин кызматтык нускамада белгиленген функционалдык милдеттерине дал келген иш тажрыйбасы бар. Башкы бухгалтер -Арипдинов Муратали Абдибаалиевич- билими жогорку, эмгек стажы 5 жыл. "Кут Билим" ОТКде 4 жылдан бери иштейт. Кассир – Асанов Абил Насредииович- билими жогорку, эмгек штажысы-1 жыл. "Кут Билим" окуу-тарбия комплексиндеги көзөмөлдөөнүн жана тобокелдиктерди баалоонун ички механизмдери каржылык иш-аракеттердин ачыктыгын жана каржылык менеджменттин сарамжалдуулугун кеңилдейт. Бюджетти түзүү негиздүү, тобокелдиктерди ички контролдоо жана ага анализ жүргүзүү механизмдери иштелип чыккан. Мектептин ички контролу Excel платформасында түзүлөт. Ошондой эле мектептин финансылык мониторингин жүргүзүү менен, өзүнүн ички контролдук тутумунун натыйжалуулугун баалайт. Негизги каражаттарды инвентаризациялоо мезгил-мезгили менен жүргүзүлөт, бул иш жүзүндө ички контролдун методу болуп саналат. Мектептин | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | өзүнүн каржылык абалынын ички жана тышкы механизмдерин баалоо үчүн финансылык-аудиттик туруктуу текшерүүдөн өтүп турат. Финансылык ишмердүүлүктүн түрдүү багыттарын сырттан баалоо максатында андан тышкары салык кызматы, социалдык фонд жана эсеп палатасы тарабынан текшерүү болуп турат.<br>Акыркы 5 жыл ичинде ар кандай 2 жолку текшерүү жүргүзүлгөн. Мектепте негизги муктаждыктарын (эмгек акы, тамк-аш, комуналдык услугалар, налог / соц фонд, капиталдык ремонт, майда оңдоп түзөө, концелярдык товарлар, коммуникациялык жана мугалимдердин жана персоналдын квалификацияларын жогорулатууга чыгымдар, мектепти өнүктүрүүгө чыгымдар), жабат, ошондой эле керектүү каражаттарды жана материалдык ресурстарды сатып алууга кеткен чыгымдарды мүмкүнчүлүккө жараша каржылайт. | |
| 4.3. | Финансы ресурстарын жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу | 2022 – 2023-окуу жылдарына карата окуу-тарбия комплекси кошумча финансылык ресурстарды тартуу боюнча өлкөдөгү инфляцияга байланыштуу (контракты) жыл сайын 4% дан 8% га чейин жогорулатат жана, кошумча "ЖИА" ( жаш ишкерлер ассоциациясы) нын мүчөлөрүнөн финансылык колдоо алууну пландайт.<br>Учурда ЖИА нын мүчөлөрү менен сүйлөшүүлөр жүрүүдө. Пландалып келе турган акча каражаттары толугу менен алдыда мектепке салынуучу химия, биология лабораториясын жасоого, спорт залын салууга жумшалат. | |

**Күчтүү жактары:** 1. Мугалимдерге жана тарбиячы-көмөкчү курамга каржылык туруктуу жардам көрсөтүлүп турушу

2. Функционалдык милдеттерине дал келген иш тажрыйбасы бар кадрлардын иш алып баруусу.
3. Финансылык ресурстар билим берүү уюмунун негизги муктаждыктарын жабуусу
4. Туруктуу ички жана тышкы баалоо үчүн аудиттен туруктуу өтүп турушу.

**Алсыз жактары:** 1. Өлкөдөгү финансылык абал туруксуз болгондуктан, пландалган финансылык каржылоолордун ишке ашпай калуусу (лаборотория, спорт залы)

Корутунду:

- Кыргыз Республикасынын "Билим берүү " мыйзамынын билим берүү тармагындагы "Мамлекттик стандартка " ички актылардын жана минималдуу талаптары менен иш жүргүзүлөт жана дал келет.
- "Кут билим"окуу-тарбия комплекси ченемдик документтер менен иш алып барат. Мектеп локалдык актылардын негизинде иштейт.
- Мектептин өнүгүү программасына коюлган максаттарына ылайык жыйынтыктары жыл сайын чыгарылып, окуу жылынын башында кийинки окуу жылына максаттары, милдеттери коюлуп, анализденип турат. Алардын жыйынтыктары, ийгиликтери педкеңешмелерде көрсөтүлүп турат.
- "Кут билим" окуу тарбия комплекси 2020-2021-окуу жылына карата окуу планы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 18-июнундагы №475/1 буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын Базистик окуу планынын негизинде кыргыз тилинде окутуучу окуу-тарбия комплекс-гимназиялар үчүн түзүлгөн.
- Окуучулардын билими жана жетишүүсү чейрек сайын бааланат. Чейректик баалар окуу программанын өздөштүрүүсүнүн жыйынтыгынын негизинде мониторингдер чыгарылат. Ошондой эле ички көзөмөл боюнча алынган тесттин жыйынтыгы боюнча мониторинг жана талдоо педагогикалык кеңеште каралат. Ички баалоонун жыйынтыгы ата-энелерге, кызыктар тараптын окулдоруно "Edupage" электрондук журналы аркылуу билдирилет. Жыйынтыгын талдоонун негизинде кийинки чейрекке карата пландоо жүргүзүлөт. Чейрек ичиндеги пландоонун негизинде иш алып барылат.
- Мектепте билим берүү сапатын камсыздоо саясатын ишке ашыруучу жоопту адамдар жана түзүмдөр бар. Түзүмдөрдүн функционалдык милдеттери так бөлүштүрүлгөн жана ырааттуу иштейт.
- Окуу-тарбия комплексинин ички көзөмөлүнүн планы боюнча биринчи жана экинчи жарым жылдыкта предметтерден алынган мониторингдин жыйынтыгы окуу-тарбия иштери боюнча директордун алдындагы кеңешмеде каралып, жыйынтыктары чыгарылат. Кеңешменин токтому боюнча предметтик мугалимдер бирикме жетекчилери менен бирге класстагы предметтин окутулушунун жетишкендиктерин аныктап, алдыңкы тажрыйбаларынан жаш адистер менен бөлүшөт. Ал эми жетишпеген окуучулар менен предметтик мугалимдер жекече иштерди системалуу түрдө алып барат.
- Мектепте кызматкерлердин жүрүм- туруму боюнча кодекстин нормаларын жана эрежелери иштелип чыккан.

- Кызыктар тарантар менен анкета, аңгемелешүү, чогулуш түрүндө кайтарым байланыш болуп турат жана анын негизинде тиешелүү оңдоолор киргизилет.
- Мугалимдер сабакты өтүүдө жаңы стандартка ылайык сабактын планын жазууда максаттарды окуучунун көз карашында жазууга калыптанышкан. Ошондой эле мамлекттик стандарттагы негизги 3 компетенттерди ишке ашырууда предметтик компетенттерди сабактарында айкалыштырып жатышат.
- Мугалимдер МКТны 100% колдонушат. Каникул ичинде мугалимдердин технологияларды өздөштүрүүсү үчүн атайын семинар-тренингдер өткөрүлүп турат. Мектептин материалдык базасы чыңдалып, иштөө үчүн шарт түзүлүп берилген.
- Мугалимдер дайыма өзүн-өзү өнүктүрүүнүн үстүндө иш алып барышат. Жаңы технологияларды бири-биринин сабактарына катышуу учурунда, мектеп ичиндеги ж.б. семинарларда, өз ара сабакка катышуусунда дайыма изденүүнүн үстүндө болуп турушат.
- Тарбия иштери боюнча жылдык план түзүлүп, ал планда тарбия ишинин жүргүзө турган багыттары белгиленип, иш-чаралардын жыйынтыктары анализделет. Бул пландан тартип бузуучулукту алдын алуу боюнча иш-чаралары өткөрүлүп, тартип бузган балдар менен иштелүүчү кадамдар белгиленген.
- **Мектеп жамааты бардык предметтерди окутуу боюнча толук түрдө комплектование болгон. Мектеп ичинде билим берүүнүн максаттарына жетүү үчүн кадрлар жетиштүү түрдө камсыз болгон.**
- Педагогикалык жамааттын өз билимин өркүндөтүүсү жыл башында түзүлгөн график боюнча ишке ашырылат.
- Мектеп ичинде педагогикалык кызматкерлердин ишмердүүлүгүн шыктандыруу максатында алардын көрсөткөн ийгиликтерине жараша бааланып турат.
- Мектепте окуу –материалдык базасын чыңдоо иши жакшы жолго коюлган. Жыл сайын демөөрчүлөрдүн жана **мектептин жылдык каржылык планы боюнча ишке ашырылып турат.**
- Окуу-тарбия комплексинде билим сапатын өнүктүрүүдө мугалимдерге жана окуучуларга жакшы шарттар түзүлгөн.
- Мекемеде коопсуздук техникасынын нормалары, өрт коопсуздук, санитардык гигиеналык эрежелери талапка жооп берет.
- Гимназиянын окуучулары окуу китептери 100% камсыз болгон. Жыл сайын мектеп көркөм адабияттар менен толукталып турат.
- Материалдык-техникалык базаны жакшыртуу боюнча 3 жылдык план бар.
- **Мектепте балдар үчүн ысык тамак уюштурулган. Балдардын тамактануусу үчүн ашканада бардык шарттар уюштурулуп, керектүү электр жана эмерек жабдыктары менен камсыздалган. Балдардын ден соолугун көзөмөлдөө үчүн медпункт уюштурулуп, мед кызматкер графиктин негизинде күн сайын иш жүргүзөт.**
- Мектептин сайты жана социалдык баракчалары иштейт . Социалдык тармактардагы баракчаларында мектептин жалпы ишмердүүлүгү күн сайын жарыяланып турат.
- Финансылык пландоо системасы иштелип чыккан жана каржылык ресурстарды жакшыртуу боюнча механизмдер бар
-

Комиссиянын төрагасы: ____________ Балтабаев Кудайназар Абдулахатович-мектеп директору

Комиссиянын мүчөлөрү:

____________ Нургазы уулу Данияр-окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары

____________ Бугубаев Тилек Асанбекович- тартип жана уюштуруу иштери боюнча директордун орун басары:

____________ Карпеков Расул Жыргалбекович-тарбия иштери боюнча директордун орун басары:

____________ Кумарбек уулу Сыргакбек-табигый илимдер метод бирикмесинин жетекчиси;

____________ Адылбекова Ырыскүл Адылбековна-так илимдер боюнча метод бирикмесинин жетекчиси;

____________ Джээналиева Зинаида Бекматовна-гуманитардык илимдер боюнча метод бирикмесинин жетекчиси;

____________ Талайбек уулу Нурсеит-жатакана директору;

____________ Кенжебаев Урматбек Садырович-чарба иштери боюнча директордун орун басары;